«Макулдашылды»
Педогогикалык кеңешме
Токтом №________
“_____” ________2022- жыл

“Бекитемин”
АРББ башчысы
Шеркулова Д.Д.
________________
“_____” ________2022- жыл

**2022-2023 окуу жылына карата Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин иш планы**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Август учетун тактоо, класс комплектини бекитүү | сентябрь | Мектеп директору Админстрация | Өндуруштук кенешме | Учетту тактоо иш кагаздары | Окуучулардын саны такталат класс комплект бекитилет |
| 2. | Класстык журналдар менен камсыз кылуу, алардын толтурулушуна көзөмөл кылуу | сентябрь | окуу бөлүм башчысы Джаманкулова С. | Өндуруштук кенешме | класс жетекчилер, мугалимдер | Кл журналдар бекитилет. |
| 3. | Электрондук күндөлүк,журналдар менен иш алып баруу | дайыма | Админстрация, мугалимдер | Өндүрүштүк кенешме | | Электрондук күндөлүк,журнал киргизилет |
| 4 | Окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылуу | сентябрь | Китепканачы Койчиева Б. | Өндүрүштүк кенешме | Окуу китептери | Камсыз болот. |
| 5 | Окуу кабинеттеринин абалы, жашылдандыруу, эстетикалык жактан жабдуу, окутууну кабинет системасына өткөрүү | дайыма | мектеп администрациясы | Өндүрүштүк кенешме | пред. мугалимдер | Сабак өтүү кабинет системасына өткөрүлөт |
| 6 | Окуучулардын ден соолугун чыңдоо жана көзөмөлдөн өткөрүү максатында медициналык кароо уюштуруу | сентябрь апрель | Админстрация Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кенешме | | |
| 7 | Окуучулардын келип кетүүсү, Алфавит китеби, окуучулардын өздүк делолору менен иш алып баруу | дайыма | окуу бөлүм башчысы Джаманкулова С. | Өндүрүштүк кенешме | Алфавит китеби, өздук делолор буйрук китеби | Окуучулардын келип кетүү кыймылы такталат |
| 8 | а)Окуучулардын социалдык абалын тактоо.<br>б)Мектепке тартылбаган окуучуларды изилдөө жана аларды тартуу | сентябрь<br>дайыма | тарбия иштери боюнча орун басар, соц. педагог, кл.жетекчилер | өндуруштук кенешмеде. | окуучулардын тизмеси | такталат |
| 9 | Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюмунун иш планын тузүү | сентябрь | Тарбия завуч, парламент мүчөлөрү | Директор алдындагы кенешме | Иш пландар | Иш план түзүлөт |
| 10 | Уюшулган кружоктордун иш пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү | сентябрь | Директор, кружок жетекчилери | Директор алдындагы кенешме | | |
| 11 | 2020-2021-окуу жылындагы иш-чараларга анализ. Жаңы окуу жылынын милдеттери | сентябрь | Директор | Директор алдындагы кенешме | | Жаны окуу жылынын милдеттери кабыл алынат |
| 12 | 2021-2022-окуу жылы «ОТЖП» түзүү, бекитүү | сентябрь | Директор | Пед кенешме | | ОТЖП түзүлөт |
| 13 | I чейректин жыйынтыгын чыгаруу | ноябрь | Админстрация | Пед кенешме | Мугалимдердин отчеттору | Жыйынтык чыгарылат |
| 14 | Олимпиадага даярдыктарды текшерүү | ноябрь | Админстрация | Пед кенешме | Предметник мугалимдердин отчеттору | Олимпиаданын даярдыктары текшерилет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | I жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгаруу | январь | Админстрация | Пед кенешме | Мониторинг дин жыйынтыктары | Жыйынтык чыгарылат |
| 16 | Ар бир предмет боюнча салыштырмалуу мониторинг анализ | январь | Предметник мугалимдер | Пед кенешме | | Отчет берилет |
| 17 | Тарбия иштери, соц. педагогдун ишинин жыйынтыгы | январь | Тарбия завуч, соц.педагог | Пед кенешме | Тарбия иштеринин анализи | Анализ чыгарылат |
| 18 | Билим сапатын көтөрүү үчүн сунуштар | январь | Окуу завучу | Пед кенешме | Билим сапатын көтөрүү үчүн сунуштар | Сунуштар кабыл алынат |
| 19 | III чейректин жыйынтыгын чыгаруу, окуучулардын билим сапатынын мониторинги | Март | Окуу завучу | Пед кенешме | Чейректердин салыштырмалуу мониторинги | Билим сапатынын анализдери чыгарылат |
| 20 | Мектепте тарбия ишинин жүрүшүнүн абалы | март | Тарбия завуч | Пед кенешме | Тарбия иштерине анализ | Жыйынтык чыгарылат |
| 21 | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү | июнь | Админстрация | Пед кенешме | Аттестациянын жоболору | Аттестация өткөрүлөт |
| 22 | 9-класстарды окуучуларынын тартиптери боюнча экзаменге киргизүү | май | Админстрация | Пед кенешме | Класс жетекчилердин отчеттору | Экзаменге киргизилет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 23 | «Акыркы коңгуроо» салтанаттуу иш-чарасы | июнь | Админстрация | Өндүрүштүк кенешме | | Акыркы конгуроо салтанаты өткөрүлөт |
| 24 | 2020-2021-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин анализдери | июнь | Окуу завучу, тарбия завуч, соц.педагог | Пед кенешме | отчеттор | Окуу жылынын жыйынтыгы чыгарылат |
| 25 | Бүтүрүүчү класстарга аттестат, күбөлүктөрдү тапшыруу | июль | Админстрация, класс жетекчилер | Пед кенешме | Документтерди толтуруу | Документтер берилет |
| 26 | Кезектеги ремонт иштери | Июнь | Директор, тарбия завуч,класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешме | Ремонт иштерин уюштуруу | Кезектеги ремонт өткөрүлөт |
| 27 | Усулдук бирикмелердин жетекчилеринин иш пландарынын мазмуну жана аткаруу | сентябрь | УБ жетекчилери | Усулдук кеңеште | Пландардын аткарылышы | План, түзүлүп бекитилет |
| 28 | Окуучулардын китеп менен камсыз болуусун көзөмөлдөө | сентябрь | Китепканачы | Өндүрүштүк кеңешмеде | Китептер | Китептер таратылат |
| 29 | Насаатчы мугалимдердин иш планы | сентябрь | Окуу завучу | Усулдук кеңеште | Насаатчы мугалимдердин иш пландары | Иш пландар түзүлөт |
| 30 | Олимпиадалык топтордун ишин көзөмөлдөө | сентябрь | Окуу завучу | Усулдук кеңеште | | Олимпиадалык иштер көзөмөлдөнөт |
| 31 | Календардык-тематикалык пландардын абалы. Күндөлүк пландардын мамлекеттик билим берүү | Сентябрь дайыма | Админстрация | Өндүрүштүк кеңеште | пландар | Календардык-тематикалык пландар стандартка ылайык жазылат |

**2021-2022-окуу жылындагы Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин жылдык иш-планынын анализи**

Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби 2021-жылдын 15-сентябрында алгач ишмердүүлүгүн жүргүзүп баштаган. 13-сентябрда №1-педагогикалык кеңешмеде жалпы педагогикалык жамаат менен менен биргеликте мектептин жылдык планын түзүп, ага жооптууларды жана кайда каралаарын аныктап, жыл ичинде иш жүзүнө ашыруу үчүн аткарууга алынып, макулдашылды. Жалпы педагогикалык жамаат менен макулдашылган соң, райондук билим берүү бөлүмүнөн бекитилди.

2021-2022-окуу жылында аткарылуучу иш-чаралардын дээрлик көпчүлүгү мөөнөтүнөн кечиктирилбестен иш жүзүнө ашырылды. Ал эми айрым аткарылбаган иштердин себептери аныкталып, кийинки окуу жылдын планына киргизилди. Аткарылбаган иштердин катарында электрондук журналдар, электрондук күндөлүк менен иш алып баруу максатына жеткен жок. Буга айыл жергесинин интернет менен камсыздалышы жакшы жолго коюлбагандыктан, иштөө мүмкүнчүлүгү интернеттен көз-каранды болуп калды. Ошол себептен, бул ишти аткаруу кийинки 2022-2023-окуу жылынын жылдык планына кайрадан киргизилди.

8-9-класстарды олимпиадаларга катыштырууну да 2022-2023-окуу жылынын планына киргиздик.

Окуучуларды толук китеп менен камсыз кылуу да былтыркы окуу жылынын планына киргизилген. Толук камсыздалбагандыктан, быйылкы окуу жылынын планына кайрадан киргизилди. Китеп менен толук камсыздандырууга азыркы учурда спонсор издеп жатабыз. Ошондой эле райондук билим берүү бөлүмүнө кайрылуу жазып жөнөтүлгөн.

**2022-2023-окуу жылына милдеттенмелери**

- Окуу планын так, толук жана өз убагында бекитүү.

- Ар бир мугалим базистик окуу планындагы өзгөрүүлөр менен таанышып, кенен маалыматка ээ болуу.
- Окууучунун билим сапатын жана тарбиясын өстүрүү үчүн мугалим менен ата-эненин ортосундагы тыгыз байланышты бекемдөө.
- Ата-энелер менен мектептин байланышын бекемдөө үчүн "Энелер мектебин" ишке киргизүү.
- Мугалим окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн тажатма эмес, ар кандай акыл оюндарын, салттуу эмес сабактарды өтүү.
- Уюштуруу иштерин ар дайым өз убагы менен алып баруу жана тарбиялык ачык сабактарды, диспут, тренингдерди ар жума сайын өткөрүп туруу.
- Окуучулардын социалдык абалын ар дайым көзөмөлгө алуу жана калктын аярлуу катмарындагы балдардын окуудагы жетишкендиктерин көзөмөлгө алуу жана аларды шыктандыруу.
- 2022-2023-окуу жылына карата жылдык план түзүү.

**2022-2023-окуу жылындагы Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин жылдык иш-планынын анализи**

Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби 2022-жылдын 1-сентябрында окуу процессин жандандыруу башталган. 2022-жылдын 30-августунда №1-педагогикалык кеңешмеде жалпы педагогикалык жамаат менен менен биргеликте мектептин жылдык планын түзүлдү. Алгач жаңы окуу жылынын планына былтыркы окуу жылынын планында аткарылбай калган иштер жолго коюлду. Электрондук күндөлүккө өтүү иши башталып, айыл өкмөтү менен биргеликте айыл жерггесине интернет түйүндөрү орнотулуп, жарандарга интернет байланышынын көйгөйлөрү оңойлоштурулуп берилди.

Окуучуларды толук китеп менен камсыздоого аракеттер көрүлүп жатат. Жалпы китеп фондубуз 190 китепке жетти. Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан китептер камсыздалып жатат. Бул жылы алынган

милдеттенмелерди толугу менен аткарууга аракеттер көрүлүп жатат. Жыл башында окуу планы райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилди. Класстык компоненттер 5-класска орус тилден, 8-класска химия сабагынан бөлүштүрүлдү. Бул жалпы ата-энелердин арасында жүргүзүлгөн анкеталар менен аныкталып, окуучуларга маалыматтар берилди. Орус тилге басым жасалганынын бирден бир себеби, айыл жергесиндеги балдар орус тилинен аксашат. Ушул себептүү ата-энелер тандоо кылышты.

Жалпысынан 2022-2023-окуу жылынын милдеттенмелери аткарылып, түзүлгөн пландын негизинде иштер жүргүзүлүп жатат. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары. Мектеп жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруу боюнча директордун орун басары жана социалдык педагогдор өз милдеттенмелерине жараша мөөнөтүнөн кечиктирбей иш-пландарынын негизинде иштерди алып барышууда.

Ал эми чарба иштери боюнча директордун орун басары да өз иш-планынын негизинде иш алып барууда. Жаз айларынын башталышы менен мектепти көрктөндүрүү жана жашылдандыруу иштерине даярдыктар көрүлүп, жазгы, жайкы иштердин пландары түзүлүп, жооптуулар дайындалды.

Мектеп директору Эшимканова Г.Э.